**БАБАЕВ Д.Б.,**
*КББА*

# КВАЛИФИКАЦИЯНЫ ЖОГОРУЛАТУУ КУРСТАРЫНДА ПЕДАГОГДОРДУН КЕСИПТИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУ

**Аннотация.** Макалада квалификацияны жогорулатуу курстарында педагогдордун кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун негизги милдеттери жана проблемалары чагылдырылган.

**Аннотация.** В статье рассмотрены основные проблемы и задачи формирования профессиональных компетенций педагогов в процессе повышения квалификации.

**Annotation.**The main problems and issues of requalification pedagogical personnel development were looked through in this article.

**Түйүндүү түшүнүктөр:** Квалификацияны жогорулатуу, билим, билгичтик, көндүм, кесиптик чеберчилик, компетенттүүлүк, компетенция, баалоонун жаңы түрлөрү: (диагностикалык, формативдик, суммативдүү) .

**Ключевые слова:**Повышение квалификации, знание, умение, навыки, профессиональная мастерство, компетентность, компетенция, виды оценивания: (диагностическое, формативное, суммативное).

**Key words:** Qualification development, knowledge, skills, activities, specialization improving, competent approach.

Кыргыз Республикасында жүрүп жаткан реформаларга ылайык , билим берүү системасына ,анын ичинде педагогдордун квалификациясын жогорулатуу курстарында коюлган милдеттер адистерди кесиптик жактан даярдоонун сапатын жогорулатууну жана аларды дүйнөлүк стандарттын деңгээлине жеткирүүнүн талап кылууда. Бул милдеттин негизинде жаңы муундагы педагогикалык адистерди даярдоодо жана алардын кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууда квалификацияны жогорулатуу курстарынын негизги милдеттеринин бири болуп саналат.

Окутуунун жана таалим тарбия берүүнүн эффективдүү болушун камсыз кыла турган эң негизги проблемалардын бири - кесиптик компетенттүүлүк, ал мугалимдин азыркы учурдун талаптарына ылайык даярдыгынын өзөктүк көрсөткүчү болуп эсептелет. Мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгү-бул педагогикалык жана таалим тарбия берүүчүлүк милдеттерди чечүү үчүн илимий жана практикалык билимдерди системалаштырган билгичтиктеринин жыйындысы (1). Демек, мугалимге тиешелүү компетенцияларга ээ болуп, тынымсыз өзгөрүлүп турган маалыматтык жана технологиялык чөйрөгө жараша тез ыңгайлашкан жөндөмдүү, башка бирөөлөргө карата атаандаша билген мугалим гана кесиптик жактан компетенттүү болуп саналат.

Мугалимдин кесиптик компетенциясын 3 багыт боюнча аныктоо сунушталган:

1. Өзүнүн адистигиндеги предметтери боюнча алган билимдери;
2. Окутуу процессин башкара билүүсү;
3. Билим берүү системасы жана анын тармактары боюнча компетенттүүлүгү. (2)

*Мугалимдин компетенциясы* – окуучулардын компетенциясын ийгиликтүү өнүктүрүүнүн негизи катары саналат.

*Компетенция* – лат.competentia – “шайкештик”: 1) маалыматтуулук, тажрыйбалуулук; 2) укуктардын алкагы, адамдын, мекеменин укугу.

*Компетенттүүлүк* –авторитеттүүлүк; бир нерсе тууралуу акыл калчоого татыктуу билимдүүлүк, орундуу, салмактуу ой айта билүү.

*Мугалимдин комптенттүүлүгү* – окучуунун компетенттүүлүгү менен биримдикте каралганда гана, окуучу менен диалогдо болгондо гана маани-маңызга ээ болот.

Жаңы билим берүүнүн стандарты окуучуларда 3 түрдүү компетенттүүлүктү калыптандырууну аныктайт:

–*Негизги* (предметтен тышкаркы) – (маалыматтык, социалдык- коммуникативдик, өзүн уюштура жана чечим кабыл ала билүү);

–*Предметтик* ( жалпы билим берүүчү окуу предметтери);

–*Атайын* (профилдик окуу предметтери).

Жогорудагы аныктоолордун негизинде “компетенция” – инсандын белгилүү бир предметтер жана процесстер топтомуна карата берилүүчү, аларга карата сапаттуу жана жемиштүү ишмердүүлүгү үчүн зарыл болгон өз ара байланышкан сапаттарынын (мотивация, билимдер, билгичтиктер, көндүмдөр, ишмердүүлүк, жөндөмдүүлүктөр) жыйындысы, ал эми “компетенттүүлүк” – адамдын тиешелүү компетенцияга ээ болуусу, анын ишмердүүлүк жөндөмдүүлүгүнө болгон инсандык мамилеси экендиги аныкталды.

- “Компетенция” – бул, үйрөнүүчүнүн билим алуучулук даярдыгына карата алдын-ала коюлуучу кандайдыр бир обочолонгон талап. Демек, компетенцияны инсанды, өз ара байланышкан кандайдыр предметтин, же процесстин аймагында конкреттүү аракеттерди эффективдүү аткаруу үчүн зарыл болгон атайын билимдердин, өзгөчө предметтик көндүмдөрдүн, ой жүгүртүүнүн, ошондой эле өзүнүн аракеттерине жоопкерчилик менен түшүнүүнү камтыган атайын “ жөндөмдүүлүк” катары кабыл алуу зарыл.

- “Компетенттүүлүк” – бул инсандык сапатка тиешелүү болуп калган мүнөздөмө жана берилген чөйрөдөгү ишмердүүлүк боюнча минималдуу тажрыйба;

- “Кесиптик компетенция” деп предметтик мугалимдердин окуу –методикалык ишмердүүлүктүн конкреттүүлүгүнө сапаттуу аткаруу үчүн зарыл болгон билимдеринин, билгичтиктеринин, көндүмдөрүнүн жана инсандык ишмердүүлүккө ээ болгон жыйындысын айтабыз.

- “Билим берүү компетенциясы” үйрөнүүчүнүн өздөштүргөн билимдерин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн турмушта пайдаланууга болгон даярдыгы же анын практикалык ишмердүүлүктү ишке ашырууга болгон жөндөмдүүлүгү.

Окуу процессинин негизги компоненттери катары окутуунун мазмуну, максаты, окутуу жана баалоо эсептелет. Окуу процессин уюштурууда “Окутуунун кандай максатын ишке ашырабыз?”, “Эмнеге окутабыз?”, “Кантип окутабыз?” деген суроолорго жооп берүүгө туура келет. Ошондуктан учурда баалоонун жаңы системасы колдонулууда.

*Учурдагы баалоо системасын*– билим берүүнүн сапатын жогорулатууга багытталган бирдиктүү, ырааттуу система катары багытталышы зарыл.

Бирок, баа - билим берүү сапатын жогорулатуунун маанилүү каражаты катары эмес, жазалоонун же мактоонун каражаты; окуучулардын бири-бири менен салыштырылышынын жыйынтыгы катары каралып келүүдө.

Окуучулардын даяр фактыларды жаттап, эсте сактап калуусу гана бааланат, баа конкреттүү окуучу үчүн ачык, ал эми башкалар үчүн жабык (купуя) эмес.

Жыйынтыктоочу экзамендер мектептин өзүндө жүргүзүлгөндүктөн, алардын натыйжалары окуучулардын билим жетишкендиктери тууралуу так маалымат бербейт.

Окуучуларды баалоо бирдей стандартка негизделбегендиктен, класстарды, мектептерди жана аймактарды салыштыруу мүмкүн эмес. Окуучулардын жетишкендиги нормага туура келерин текшерүү максатында тесттер жана экзамендер (дилбаян, математикадан текшерүү иш, оозеки билеттик система ж.б.) эски система боюнча жүргүзүлөт, о.э. окуучу аларды турмушта колдонобу-жокпу, аныкталбайт.

Бүгүн баалоого жаңыча мамиле керек, мында окуучуну инсан картары эмес, анын аткарган иши бааланышы керек. Окуучунун иши башка окуучунун иши менен эмес, эталон менен салыштырылышы керек. Эталон окуучуга алдын ала белгилүү болууга тийиш. Окуучу өзүнүн жетишкендиктеринин деңгээлин аныктап алышы үчүн баалоонун натыйжасын чыгаруунун так алгоритми иштелип чыгышы керек. Окутуп- үйрөткөн нерсени гана баалоо керек, ошондуктан баалоо критерийлери окутуунун максатынын конкреттүү чагылышы болууга тийиш. Конкреттүү окуучунун прогресси бааланат ж.б. Ошондуктан, окуучулардын билим жетишкендиктерин баалоонунУлуттук бирдиктүү

системасы иштелип чыгып, киргизилиши керек («Класста баалайбыз, улуттук деңгээлде сынайбыз, глобалдууалкакта салыштырабыз»).

*Бүгүнкү күндө баалоонун төмөндөгүдөй түрлөрү окуу процессине киргизилүүдө:*

Аныктоочу (диагностикалык) баалоо - окуучулардын компетенцияларынын калыптангандыгынын баштапкы деңгээлин аныктоо. Ал, адатта, окуу жылынын башында же биринчи сабакта теманы, бөлүмдү окуп-үйрөнүүнүн башында жүрүзүлөт.

*Калыптоочу (формативдик) баалоо* - окуп-үйрөнүү процессинин жүрүшүндөгү окуучунун жетишкендигин (прогрессин) баалоо. Мында мугалим зарылдыгына жараша бир окуп-үйрөнүү этабы бүткөнгө чейин өз иш-аракетине өзгөртүүлөрдү киргизе алат.

*Жыйынтыктоочу (суммативдик) баалоо* - кандайдыр бир билим берүү этабынын аягында окуучулар ээ болгон билимди жана компетенцияларды аныктоо үчүн жүргүзүлөт. Мында окуучулардын белгилүү бир мезгил ичинде жетишкен ийгилигинин натыйжасы аныкталат.

Формативдик баалоону натыйжалуу жүргүзүү үчүн зарыл болгон жагдайлар:

*Баалоонун критерийлерин иштеп чыгуу.*

- Окуучуларды баалоонун критерийлери менен тааныштыруу керек.
- Критерийлердин мазмуну окуучуларга түшүнүктүү болууга тийиш.

*Сабактын максатын окуучунун позициясынан коюу.*

- Сабактын максаты ченеп-өлчөөгө, жетишүүгө, кабыл алууга ылайыктуу болуп, так убакытка эсептелиши керек.

*Натыйжалуу кайтарым байланыш.*

- Ал ачык-айрым (позитивдүү) жүргүзүлүп, окуучулар өз катасын көрө билүүгө шарт түзүшү керек.
- Ал окуучулардын туура жооп беришине убакыт берип, өз катасын оңдоого, түзөтүүгө мүмкүндүк бериши керек.

Баалоонун нормативдерин, стантарттарын жана талаптарын шайкештикkке келтирүү (базистик окуу планы, стантарттар, окуу програмалары, окуу китептери, окутуу методикасы, баалоо жана башка).

Окуучулардын билим жетишкендиктерин баалоонун бирдиктүү концепциясын (Улуттук системасын) иштеп чыгуу (“Класста баалоо”, “улуттук деңгээлде сыноо”, “Глобалдык алкакта салыштыруу”).

Билим алганы тууралуу, билимди жогорулатуу жөнүндө документтердин статусун көтөрүү, баалоо боюнча атаандаштык чөйрө түзүү ж.б.

Инсанга багытталган билим берүү парадигмасына өтүү (компетенттүүлүккө негизделген баалоо каражаттарын иштеп чыгуу).

Мугалимдерди, мектеп жетекчилерин ж.б. аттестациялоонун жаңы моделин киргизүү.

Баалоо боюнча адистерди жана мугалимдерди максаттуу даярдоо жана окутуу ж.б.

**Адабияттар**

1. Бабаев Д.Б. «Педагогикалык адистерди даярдоонун жана квалификациясын жогорулатуунун проблемалары. Журнал «Известия КАО» №4(20) 2011 г. С.58-60.
2. Введенский В.Н. Моделирование профессиональной компетентности педагога // Педагогика. – М., 2003. -№10.-С.51-55.